УДК: 316.7

Акматбекова Ж. А.
*КТУ «Манас», Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,*

# КЫРГЫЗСТАНДА РАДИОСТАНЦИЯЛАРДЫН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

*Бүгүнкү күндөгү медиатармагындагы изилдөөлөргө таянсак, 2010-2014-жылдар арасында радоуктурууда олуттуу өзгөрүүлөрдү байкоого болот. Радиоуктуруунун программаларынын мазмуну, форматы, сапаты жана аудиториянын пикири, айрыкча 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн медиа изилдөөлөрдүн жыйынтыктары муну аныктап турат.*

*Кыргызстанда радиоуктуруу маалымат таркатуучу каражат катары ММКлардын ичинен 2 орунда турат.*

***Тщйщндщщ сөздөр:*** *радио, медиа изилдөөлөр, аудитория.*

*According to media researches, in 2010-2014, in the field of radio, there was a significant improvement. The content of radio programs, the format, quality, the idea of the audience, especially the results of a study conducted during 2012-2013, prove it.*

***Keywords:*** *radio, media studies, radio audience.*

Кыргызстандагы радостанциялардын эгенмендүүлүк жылдардан кийинки өнүгүү тенденцияларын төмөндөгүдөй бир канча этаптарга бөлүп кароого болот:

I этап 1992-1995-жылдарды камтыйт. Бул мезгилдер аралыгында мамлекеттик эмес радиостанциялар пайда болду. Алар ар түрдүү эсперименттердин коштоосунда болуп, чыгармачылык жактан изденүү менен алектенди.

II этап 1996-2000-жылдарды камтыйт. Россиялык радиоканалдардын жергиликтүү коммерциялык каналдар аркылуу өздүк программаларын алып уктуруу менен, Бишкектин эфирдик мейкиндигинде үстөмдүүлүгүн көрсөтө баштады. Радиоуктуруу аркылуу радиобизнес түшүнүгү келип чыкты. Ошондой эле борбордо радиостанциялардын топтолушу жана аймактарда начар өнүгүшү менен мүнөздөлдү.

III этап 2001-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди камтыйт. Радиостанциялардын өз аудиториясын изилдөө багытында изденүүсү, форматтык уктуруулардын айрым белгилеринин пайда болушу, аймактык радиоуктуруунун жандануу мезгили болду. Медиа өнөктөштүктүн пайда болушу, ошол эле учурда радиостанциялар ортосунда атаандаштык аракеттери байкалат. Жергиликтүү коммерциялык кыргыз тилиндеги радиостанциялардын рейтингинин жогорулашы менен мүнөздөлөт.

Учурда Кыргызстанда 20дан ашык радиостанциялар багытталган аудиториясына жана тандап алган музыкалык форматына жараша өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп келет. Кыргызстандын радио мейкиндигинде “коомдук”, “акционердик”, “парламенттик”, “вуздук”, “коммерциялык” деген түшүнүктөр пайда болду. Албетте, мындай тенденциянын болушу алгач радиотармактарынын тең салмактуу өнүгүшүн шарттайт жана радиостанциялардын ортосундагы атаандаштык бара-бара сапаттуу программаларды түзүүгө түрткү болот. Көпчүлүк коммерциялык радиостанциялар программаларды Россиялык радиостанциялардан ретрансляциялашат. Ал эми КТРКнын радиобирикмелеринде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдөн улам радиоуктуруунун формалары, жанрлары коомдун талабына ылайык өзгөрүп жаткандыгын байкоого болот. Ошондой эле бул процесс радионун коомдо аткарып жаткан белгилүү милдеттерине тыгыз байланышта экендигин билдирет.

2013-жылдагы М-вектор изилдөө компаниясынын маалыматтары боюнча радиоуктуруу Кыргызстан калкынын 49,3%ын түзүп, маалымат таркатуучу каражат катары ММКлардын ичинен 2-орунда турат. Кыргызстандын бардык облустары боюнча орточо радио угармандар 36%дык көрсөткүчтү берет. Чүй жана Бишкек шаарында радио угуучулардын деңгээли жогору, ошондой эле шаардын жашоочулары радиону көбүрөөк угушат (71,1%), ал эми региондордо бул көрсөткүч 39,1%ды берет.

Аудиториянын негизги бөлүгүн 18-44 жаш арасындагылар түзөт. Чүй жана Нарын облусу боюнча аудиториянын аял жана эркектер арасындагы көрсөткүчү бирдей

болгон, ал эми Жалал-Абад облусу боюнча аялдарга салыштырмалуу эркектер эки эсе көптүк кылган. Калган облустарда бир аз эркектер көптүк кылбаса, анчейин деле айырмачылыктар байкалбайт.

Сурамжылоолордон улам 50%дан ашык респонденттер убакыттын жоктугунан радио укпагандыктарын айтышкан. Бишкек шаарынын 94% жашоочулары электр энергиясы мезгилдүү берилбегендиктен радиону өз убагында уга албай жаткандыктарын айтышкан. Респонденттердин 20%ы радиостанциялардын сапатынын начардыгын белгилешкен. Радиостанциялардын эң начар абалы Бишкек шаарында байкалган: 5 баллдык шкаладан 3,5 баллдан жогору болгон эмес. Эң жакшы берүүлөр Талас облусунда жогорку баллды алган.

Кыргызстанда эң таанымал болгон радиостанция «Кыргызстан обондору» (82%), «Европа плюс» (50%) радиостанциясы, ал эми «Эхо Долины» радиостанциясы Кыргызстандын түндүгүндө таанымал болбосо да, өлкөнүн түштүгүндө өзбек тилдүү контингент үчүн абдан популярдуу экендиги аныкталган. Нарын облусунун жашоочуларынын 92%ы «Алмаз» радиосун жакшы билишет. “Кыргызстан обондору” радиостанциясы Нарын жана Талас облустарында акыркы жылдары ылдамдык менен өнүгүп келе жатат. Кыргызстан калкынын 80%ы кыргыз тилинде радио угушат. Ошондой эле Бишкек шаарынан тышкары (90,8% орус тилинде болушун каалашат), бардык региондор боюнча радиоуктуруунун кыргыз тилин болушун каалагандыктары изилдөө учурунда аныкталган.

Орус тилиндеги берүүлөрдү эфирге уктурган радиостанциялардан “Европа плюс” жана “Ретро FM” Чүй аймагы жана Бишкек шаарында абдан популярдуу экендиги белгилүү болду.

Радиоберүүлөрдүн популярдуулугу анын берүү тилине түздөн-түз көз каранды, б.а., аудиториянын күнүмдүк сүйлөшкөн эне тилине байланыштуу. Мисалы үчүн Бишкек жана Чүй аймактарында орус тилинде уктурулган “Европа плюс” жана “Ретро FM” радиостанциялары белгилүү болсо, Ош шаары жана түштүк аймакта өзбек тилинде уктурулган «Эхо Долины» радиостанциясы эл тарабынан таанымал болгон.

Изилдөөлөр боюнча угармандардын эң көп уккан убактылары, б.а., убакыттын жогорку көрсөткүчү (прайм-тайм) эртең мененки 9-10 жана түшкү 12-13 сааттарды көрсөткөн. Сурамжылоолор боюнча радиоугармандар иш күндөрү эртең менен жана иштен кийинки кечки сааттарда радио угууну кааалашат. Ал эми дем алыш күндөрү кечки программаларды гана угууну каалашса, “Кыргызстан обондору” радиостанциясынын угармандары дем алыш күндөрү эртең менен түшкө чейинки гана убакытты белгилешкен.

Сурамжылоолор боюнча, радиоугармандар тарабынан артыкчылык берилген программалар – жаңылыктар, музыкалык берүүлөр жана аба ырайы болгон. Аларды эң аз кызыктырган «тамашага салуу-розыгрыш», жылдыз төлгөлөрү жана көңүл ачуучу оюн-зоок программалары болгон.

Музыкалык жанрга токтолсок, аудиториянын 36,8%ы поп же эстрадалык музыкаларды, 25,5%ы элдик жана 32,5%ы да классикалык музыкаларды тандашкан .

«Кыргызстан обондору» радиоберүүсүнүн «Ыр дүкөн», «Тентек микрофон», «Эрке таң» программалары абдан популярдуу берүү болуп саналат. Радиоугармандар жаңылыктарды «Биринчи радиодон» же «Азаттык» радиосунан угушат.

Жалпы жонунан, радиоугармандар тарабынан «Кыргызстан обондору» жана «Европа Плюс» жакшы мүнөздөмө берилген.

Кыргызстан боюнча иш күндөрү 30 мүнөттүк интервалдык аралык менен таңкы саат 5тен түнкү саат 1 чейинки изилдөөлөргө көңүл бөлсөк, таңкы 5.30-07.00гө (20,4%) чейин жана кечки саат 10.00-12.00гө чейин (20,4%) «Европа+» радиосунун угармандары тарабынан эң жогорку көрсөткүчтү берген, ал эми 15.30-17.00гө (24,%) чейин «Миң кыял» радиосу орун алган. «Кыргызстан обондору» радиосу күндүзгү саат

14.00-15.00гө чейинки убакыт аралыгындагы жогорку көрсөткүч 18,8%ды, кечки саат 21.00-23.00гө чейинки убакыт аралыгында 16,3%ды көрсөткөн. Ал эми «Азаттык» радиосу эртең менен саат 7-9га чейин (15%) көрсөтүп төртүнчү орунга чыккан.

Ошондой эле дем алыш күндөрү 30 мүнөттүк интервалдык аралык менен таңкы саат 5тен түнкү саат 1 чейинки изилдөөлөрдү салыштырсак, коммерциялык «Ретро ФМ» радиосу түшкү саат 14.00-16.00гө чейин бардык радиостанциялардан эң жогорку көрсөткүчү 39,6%га жеткен. «Азаттык» радиосу эртең мененки саат 6.00-7.00гө чейин 28,2%ды жана 8.00-9.00гө чейин 20,3%ды көрсөтүп, экинчи орунда турган. «Кыргызстан обондору» түнкү 11.00-12.30 чейин 19,1%га жеткен. Ал эми «Миң кыял» радиосу 11.00-12.00, 15.00-16.00, 22.00-23.00 сааттар арасында жана «Европа+» радиолору 07.00-8.00, 10.00-11.00, 22.00-23.30 сааттары сыяктуу белгилүү бир убакыттарда гана 15%га жетпеген көрсөткүчтөрдү берген. Ушул эле изилдөөлөр боюнча 18 жаштан 24 жаштагы аял жана эркек радиоугармандар арасында сандык көрсөткүч анчейин деле айырмаланган эмес. Эң кызыгы, жашы жогорулаган сайын радиоугармандардын саны да азая баштаган. Демек, Кыргызстанда жалпы радио аудитория, негизинен, жаштардан түзүлөт.

Республика боюнча радиоаудиториянын билим деңгээлине карата изилдөөлөр боюнча жогорку билимдүү жана толук эмес жогорку билимдүүлөрдүн радиону көбүрөөк (республика боюнча орто билимдүүлөр 75-78%ды түзсө, 15-18%га) уга тургандыгы анык болгон. Тактап айтканда, калктын жогорку кирешелүү катмары (15 000 сом жана андан жогору) радиону активдүү угушкан. Ошондой эле, радиоаудитория кесибине карата изилденгенде менеджерлер 94,6%ды, бизнесмендер 74,5%, чакан ишкерлер 64,8%, студенттер 83,8%, аскер кызматкерлери 96,5%, адистешкен жумушчулар 71,6%ды көрсөткөн.


Демек, Кыргызстандын калкынын радио угуу маданияты жөнүндө төмөндөгүдөй тыянак чыгаруу болот:

Жалпы калктын 60% радио угушат жана эң активдүү угарман болуп Бишкек шаарынын жана Баткен облусунун тургундары саналат.

Аймактык жашоочуларга караганда шаар тургундары радиону 25%га көбүрөөк угушат. Жалпы радиоугармандардын 71,5%ын, жаштар тактап айтканда, 18-24 жашка чейинки жаштар уга тургандыгы аныкталган. Ошондой эле жаш өзгөчөлүктөрүнө карата жаштар (жаштар 18-24, 25-34) жана жогорку муун арасында (35-44, 45-54) анчейин айырмачылыктар байкалбайт. 55 жаштан жогорку муунду эске албаганда, республика боюнча (18-24, 25-34 жаштагылар арасында) эң популярдуу радиостанция болуп «Кыргызстан обондору», экинчи орунда «Европа +», үчүнчү орунда «Миң кыял ФМ», маалыматтык уктуруу боюнча «Азаттык» радиосу (25-34 жаштагылар) эсептелген. Ал эми ушул эле көрсөткүч 35-54 жаштаргылар арасындагы изилдөөлөр боюнча биринчи орунда «Кыргызстан обондору», экинчи орунда «Азаттык», үчүнчү орунда «Европа +», төртүнчү орунга «Миң кыял ФМ» радиосу орун алган. 55 жаштан жогоркулар боюнча биринчи орунда «Азаттык», андан «Кыргызстан обондору», «Миң кыял ФМ» радиосу турат.


Аймактар боюнча Баткен, Нарын облусунан тышкары бардык аймактарда эң популярдуу болуп «Кыргызстан» обондору» радиосу эсептелген. Ал эми Бишкек шаарында «Европа +», андан кийин «Кыргызстан обондору» жана «Хит ФМ» орун алган. Ош шаары боюнча «Кыргызстан обондору», «Европа +» жана «Алмаз» радиостанциясы саналган. Ал эми «Азаттык» радиосу Бишкек жана Ош шаарынан сырткары 6 облуста маалыматтык радиоуктуруу катары белгилүү экендиги аныкталды. Ошондой эле Талас облусунда «Next» жана Баткенде «Салам» радиостанциялары, өзбек улутундагылар көп жашаган аймактарда болсо «Кыргызстан обондору», «Эхо Долины» жана «Азаттык» радиосу популярдуу болду.

Радиопрограммалар боюнча жүргүзүлгөн сурамжылоолорго таянсак, 2012-жылы радиоугармандар тарабынан артыкчылык берилген берүүлөрдүн жыйынтыгы төмөндөгүдөй:




*1-сүрөт. Радиоугармандар тарабынан артыкчылык берилген программалар.*

Радиоугармандарды сурамжылоодо Кыргызстан тууралуу мыкты жаңылыктарды жана ишенимдүү же объективдүү жаңылыктарды уктуруу боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыкка ээ болушкан:




*2-сүрөт. Кыргызстан тууралуу жаңылыктарды жана ишенимдүү/объективдүү жаңылыктарды уктуруу боюнча көрсөткүч.*

Радиоберүү бүгүнкү күндө мобилдүү маалымат каражаты болгондугуна карабастан, радиоугармандардын 74%ы үйдө угууну жактырышса, 16%ы жеке жана коомдук транспортто угууну калаагандыктарын билдиришкен. Ал эми үчүнчү топтогу радиоугармандар убакыттын жоктугунан сүйүктүү радиолорун мезгилдүү түрдө уга албай жаткандыктарын билдиришкен. Ошондой эле мыкты музыкалык берүүлөрү жана алып баруучуларына карата «Кыргызстан обондору» радиосу биринчи орунда туруп, андан кийинки орунга катары менен «Европа+», «Ретро ФМ», «Тумар», «Миң Кыял ФМ», «Эл ТР» радиолору жайгашкан.

Демек, Кыргызстандагы радиоберүүлөрдүн акырындап өз аудиториясынын суроо-талабына, табитине, эстетикалык, маданий, жаш курак жана башка керектөөлөрүнө багытталган же адистешкен уктурууга өтүп жаткандыгын байкоого болот. Ошондой эле көпчүлүк радиостанциялар чет элдик радиостанциялардын программаларын алып уктурууда. Радио менеджерлер мунун себебин эфир үчүн төлөнгөн тарифтердин жогору болгондугу менен түшүндөрүшөт [1, 91-б.]. Жалпы жонунан, радиостанциялар жеңил-желпи музыкалык, көңүл ачуучу оюн-зоок уктуруулары менен жаштарга багытталып, бири-биринен анчейин деле айырмаланбаган. Дүйнөлүк практикага кайрылсак, мамлекет канчалык күчтүү болсо, уктуруунун көлөмүндө өздүк программалардын үлүшү ошончолук көп болоору аныкталган. Тилекке каршы Кыргызстанда коомдук радиоберүүлөрдүн өздүк программаларынын көлөмү канчалык чоң экендигине карабастан, коммерциялык радиостанциялардын алда канча алдыда экендиги белгилүү болду. Демек, белгилүү бир деңгээлде КТРКнын радиоберүүсүн уюштурууда коомдун талабына шайкеш жаңылануусун талап кылып жаткандыгы анык. Ошондой эле Кыргызстандын түштүк аймагында коңшу мамлекеттердин ММКсынын

таасири күчтүү болгондуктан, жергиликтүү радиостанциялардын техникалык жактан өнүгүшүнө шарт түзүү жана программаларынын мазмунун өзгөртүп өнүктүрүү абдан маанилүү. Учурдагы радио өндүрүш чыгармачылык жана өндүрүштүк-техникалык жана уюштуруучулук эмгекти талап кылган татаал процесс болуп саналат. Аны натыйжалуу башкаруу үчүн радиоиндустриянын негизги параметрлерин мыкты билүү зарылдыгы келип чыкты. Бүгүнкү күндө радио өндүрүштүн менеджментин өздөштүрбөй туруп, рынокто мыкты жетишкендиктерди жаратуу өтө кыйын.

Адабияттар:

1. Дүйшекеева А. Радиожурналистиканын негиздери: окуу китеби /А.Дүйшекеева. – Б., 2013. – 304 б.
2. Кыргыз журналистикасынын тарыхы. – Б.: Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, 2002. – 208 б.
3. Ибраева Г. К., Куликова С. В. Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы. – Б., 2002. – 236 б.
4. Исследование поведения и восприятия медиа аудитории 2012-2013гг. Кыргызстан [Электрондук ресурс]. / Исследовательско-консалтинговая агенство М-Вектор (USAID). – Интернет барагы: www.m-vektor.com. 2012-2013.
5. КТРКнын 2010, 2011, 2012, 2013-жылдагы отчеттору. [Электрондук ресурс]. – Интернет барагы: www.ktrk.kg. 17.03.2015.